Токтом №2

19.11.2021 катышканы-30

Күн тартибинде:

1. 1-чейректин жыйынтыгы

2. Усулдук бирикмелердин отчету

Биринчи маселе боюнча окуу бөлүмүнүн башчысы Ташполотова Баргүл сөз сүйлөдү.

Угулду:

Жыл башында окуучулардын саны-705, ал эми чейрек ичинде 15 окуучу келип, 32 окуучу кетти. Чейрек аягында 688 окуучу менен 1-чейректи аяктадык. Справкалардын баарын тапшырдык, карызыбыз жок.

Ал эми окуучулардын билим сапаты боюнча кыскача айтып кетсем,1-класс-123окуучу, 2-класс 134окуучу,бул класстар бааланбайт. 3-9-класстардын билим сапатынын көрсөткүчү төмөнкүдөй болду.

| № | классы | окуу-чунун саны | Эң жакшы окуганы | пайызы | жакшы окуганы | пайызы | орто окуганы | пайызы | билим сапаты |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | 3-а кл. | 22 | 3 окуучу | 13,5% | 7 окуучу | 31,5% | 12окуучу | 54% | 45% |
| 2. | 3-б кл. | 30 | 4 окуучу | 13% | 10 окуучу | 33% | 16 | 54% | 46% |
| 3. | 3-в кл. | 29 | 2 окуучу | 7% | 7 окуучу | 24% | 20 | 69% | 31% |
| 4. | 3-г кл. | 28 | 1 окуучу | 4% | 7 окуучу | 25% | 20 | 71% | 29% |
| 5. | 3-д кл. | 30 | 5 окуучу | 17% | 9 окуучу | 30% | 16 | 53% | 50% |
| 6. | 4-а кл. | 21 | 4 окуучу | 19% | 7 окуучу | 33% | 10 | 48% | 52% |
| 7. | 4-б кл. | 42 | 7 окуучу | 17% | 24 окуучу | 57% | 11 | 26% | 72% |
| 8. | 3-4-кл. | 202 | 26 окуучу | 13% | 71 окуучу | 35% | 105 | 52% | 48% |
| 9. | 5-а кл. | 20 | | | 7 окуучу | 35% | 13 | 65% | 35% |
| 10. | 5-б кл. | 37 | 5 окуучу | 13% | 19 окуучу | 51% | 13 | 36% | 64% |
| 11. | 6-а кл. | 23 | 2 окуучу | 9% | 5 окуучу | 22% | 16 | 70% | 50% |
| 12. | 6-б кл. | 22 | 1 окуучу | 4% | 9 окуучу | 41% | 12 | 55% | 45% |
| 13. | 6-в кл. | 26 | 3 окуучу | 11% | 9 окуучу | 35% | 14 | 54% | 46% |
| 14. | 7-а кл. | 24 | | | 6 окуучу | 25% | 18 | 75% | 25% |
| 15. | 7-б кл. | 34 | 4 окуучу | 12% | 7 окуучу | 20% | 23 | 68% | 32% |
| 16. | 8-а кл. | 16 | 1 окуучу | 6% | 4 окуучу | 25% | 11 | 69% | 31% |
| 18. | 9-а кл. | 27 | 1 окуучу | 4% | 7 окуучу | 30% | 19 | 66% | 30% |
| 19. | 5-9кл. | 229 | 17 окуучу | 7% | 73 окуучу | 32% | 139 | 61% | 39% |
| 20. | 3-9 кл. | 431 | 43 окуучу | 10% | 144 окуучу | 33% | 244 | 57% | 43% |

1-чейрек аягында 688 окуучу калды.Ошондой эле журналыңыздарды бир сыйра карап чыгыңыздар,кемчиликтерин мен жазып койдум. Сабакка кечигүү болбосун! Пландарды алып келип кол койдуруп кеткиле,саналуу гана мугалимдер алып келип жатышат. Жаш мугалимдер сабактарга катышкыла.

Жарыш сөзгө мектептин директору Эрматов А.К. сөз сүйлөдү.

Угулду:

-Урматтуу мугалимдер,мына баарыбыз Бааргүл эжекенин отчетун уктук.Эмне үчүн 4-б класстын билим сапаты 72% болуп кеткен? Айзат эжеке,эмне дейсиз?

Эжеке быйыл класска 15жакшы окуган балдар келгендигин айтып өттү.Дежурныйлар өз убагында келбей атасыңар,организатор көзөмөлгө алыңыз.Сабактарга кечигүү болбосун,мугалим 10-15 минут сабакка келүүсү керек.

Жогорудагыларды угуп,талкуулап пед.кеңешме төмөнкүдөй чечим кылат.

Чечим:

1.1-чейректин жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын.

Экинчи маселе боюнча кыргыз тили жана адабияты усулдук бирикменин жетекчиси МаккамбаеваФ. сөз сүйлөдү
Угулду:
Биздин усулдук бирикмеде окуу жылына карата төмөндөгүдөй иш чаралар өткөрүлдү. Август, сентябрь айларында бирикменин курамындагы предметтик мугалимдер такталып уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Өткөн окуу жылында аткарылган иштерге карата иш пландар, календардык пландар түзүлүп бекитилди. Сентябрь айында мамлекеттик тил мыйзамынын кабыл алгандыгынын 32 жылдыгына карата 15-сентябрдан 15-октябрга чейин төмөнкүдөй иш чаралар өткөрүлдү.
17-сентябрь күнү мамлекеттик тилдин 32 жылдыгына арналган айлыктын ачылыш аземи болду.Жыйындын жүрүшүндө бир айлык иш-чаранын планын Маккамбаева Феруза эжеке тааныштырды. Андан соң кыргыз тили жана адабияты мугалими Жумаева Асылкан эжеке балдарга кыргыз тилинин “мамлекеттик тил” статусун алгандыгы жөнүндө кеңири маалымат(доклад) берип өттү.

20-сентябрь күнү “Тил-элдин байлыгы жана баалуулугу” деген темада шаардык мектептер арасында дилбаян сынагы болуп, ага биздин мектептин 9-классынын окуучулары Алимбекова Таслима, Жусупова Назакат, Самидинова Асель катышышты.

Ал эми 23-сентябрда шаардык мектептер арасында “Тил-улуттун жаны”аттуу көргөзмө сынагы болду. Ага биздин мектеп да жакшы даярдык менен катышып келди.
30-сентябрь күнү 7-9-класстар арасында улуттук оюндар менен спортттук мелдеш болуп өттү. Аны дене тарбия мугалими Пазылов Арстан агай жана организатор Маматисман кызы Айзирек жетектешти.

4-октябрда “Кыргыз тилин сүйөмүн”аттуу 2-9-класстар арасында көркөм окуу,жаңылмач айтышуу сынагы болуп,

1.1-орунду 2-г класс, 9-класс

2.2-орун 6-а класс

3.3-орунду 7-б класс ээледи.

7-октябрь күнү "Чебер колдор" конкурсу 2-9-класстар арасында болуп,анда кыргыздын улуттук буюмдарын колдо жасоо каралды. Бул сынакка ар бир класс активдүү катышып, төмөндөгүдөй жыйынтыкка ээ болушту.

1-орун 2-г класс,5-а класс

2-орун 4-акласс,6-а класс

3-орун 7-б класска ыйгарылды.

8-октябрь күнү "Тилим жүрөгүмдө", "Менин Кыргызстаным"деген темада 5-9-класстар арасында дубал газета, сүрөт сынагы болуп, натыйжада 1-орунга 7-а класс, 2-орунга 5-а класс, 3-орунга 6-а класс ээ болушту.

11-октябрь күнү обондуу ыр, Манас айтуу сынагы болуп, ага ар бир класстан таланты бар балдар катышышты. Бул сынакка башталгыч класстар эң жакшы катышып, 3-г класстан Шакирова А. "Мөлмөлүм" ырын комуздун коштоосу менен ырдап, 1-орунга ээ болду. 2-орунга 6-а класстан Давлятова Ч.,3-орунга 9-а класстан Султанова Н.ээ болушту.

12-октябрь күнү 7-а класска кыргыз тили жана адабияты мугалими Кыпчакова Аширкан "Эне тили болбосо, аты аталбайт улуттун"деген темада тарбиялык сабак өтүп берди.Сабакка окуучулар активдүү катышышты. Бир айлык кыргыз тил айлыгын кыргыз тилчи мугалимдер жыйынтыкташып,активдуу катышкан окуучуларга белектерди беришти.

Табигый усулдук бирикменин жетекчиси Токурова Наринса төмөнкүлөргө токтолуп өттү.

Угулду:

Биздин бирикме 2021-2022-окуу жылына карата түзүлгөн иш пландын негизинде 1-чейрек ичинде төмөндөгүдөй иш-чараларды өткөрдүк.

Август, сентябрь айында уюштуруу иштери жүргүзүлдү. Өткөн окуу жылындагы аткарылгаништергеанализ берүү, мугалимдерге саат жүктөмдөрүнүн бөлүнүшү, жаңы окуу жылына карата жылдык иш план түзүү, предметтик стандарттарга ылайык календардык пландарды түзүү, мугалимдерди методикалык колдоодо маалымат менен камсыздоо

Ар бир предметтик мугалим шаардык усулдук бирикме жетекчилери менен байланышып, календардык пландарды түзүшүп, бекитишти.

Биздин усулдук бирикмеде саат жүктөмү төмөнкүдөй бөлүштүрүлдү.

Боркобаева Гулкан-математика-21 саат

Орозбек к. Нурила-математика-11с, информатика-7с

Мурзакулова Айзирек физика, информатика 18саат
Туманов Куштар-география 10саат

Токурова Наринса-биология 16, география-6 саат, химия 4саат

Октябрь айында жөндөмдүү жана сабакты начар өздөштүргөн балдар менен иштөө иши башталды.

Ар бир предметтик мугалимдер шыктуу жана өздөштүрүүсү начар балдарды тактап, тизмелерин алышты. Алар менен иштөө пландары түзүлүп, администрация тарабынан бекиттирилди. Окуучулардын жетишүүсү боюнча ар бир чейрек сайын мониторинг чыгарылып турат.

Башталгыч класс усулдук бирикмесинин жетекчиси Шишманова Назиле төмөнкүлөрдү айтып өттү.

Угулду:

Биздин усулдук бирикмеде 14 мугалим эмгектенет. Эки мугалим 2 классты жетектейт. Мына азыр окуу бөлүмүнүн башчысынын отчетун уктум,башталгыч класстардын билим деңгээли 48%ды түздү.Мени ойлондурганы 4-б класстын билим сапатынын жогору чыккандыгы болуп жатат. Жаш мугалимдер көбүрөөк өздөрүнүн үстүндө иштөө керек.Тажрыйбалуу мугалимдердин сабактарына катышуулары абзел.

Эстетикалык циклдар усулдук бирикмесинин жетекчиси Карабаева Раанагүл сөз сүйлөдү.

Угулду:

Биздин усулдук бирикме да жыл башында уюштуруу иштерин жүргүздүк. Ачык сабактардын жадыбалын Баргүл эжекеге тапшырдык. Шыктуу жана өздөштүрүүсү начар балдар менен мугалимдер иш алып барышып атышат.

Гуманитардык усулдук бирикменин жетекчиси Каратаева Айпери сөзгө чыкты.

Угулду:

Биздин усулдук бирикменин курамын төмөнкү мугалимдер түзөт.

1.Көчөнова Гулбарчын англис тили мугалими, стажы-11жыл
2.Каратаева Айпери англис тилчи, эмгек стажы -7жыл
3.Мурзалиева Зарипа орус тили мугалими, стажы-6жыл
4.Давляева Нуржамал орус тилчи,эмгек стажы-1жыл
5.Сейитбек к. Гулзина англис тили мугалими, стажы-1жыл

Сентябрь айында уюштуруу иштерин жүргүзүп, календардык пландарды түзүп администрация тарабынан бекиттирилди.

Октябрь айында шыктуу жана өздөштүрүүсү начар окуучулар менен иштөөнүн планын түзүп,бекиттиришип иш алып барышууда.

Англис тили сабагынан 9-класстан Жеңишбек к. Жасмина жана Жороева Айдана олимпиадага барышат. Аларды өзүм даярдап жатам. Ал эми орус тили предметинен Мурзалиева Зарипа эжеке Мамазаиров Залкарды даярдап жатат. Биздин усулдук бирикмедеги ачык сабактардын графигин окуу бөлүмүнүн башчысына тапшырдык.

Мектеп ичиндеги олимпиадага даярданып жатабыз. Планда көрсөтүлгөн бардык иштер аткарылды.

Жогорудагыларды угуп, талкуулап кеңешме төмөндөгүдөй чечим кабыл алат.

Чечим:

1. Усулдук бирикмелердин отчету канааттандыраарлык деп табылсын

Мектеп директору: Эрматов А.К.
Катчы: Жумаева А.Ж.